Математика жана информациялык технологиялар факультетинин информациялык системалар жана программалоо кафедрасынын кеңешинин кезектеги жыйынынын

**№9 ПРОТОКОЛУ**

*26-апрель, 2021-жыл.*

*Төрага:* А.М. Токторбаев
*Катчы:* Н.А. Абдирайимова
*Катышкандар*: информациялык системалар жана программалоо кафедрасынын мүчөлөрү

*Каралуучу маселелер:*
1. Мекеме-ишканалардын талаптарынын негизинде өндүрүштүк жана окуу-таанышуу практикаларынын саатын көбөйтүү.

**1-маселе**

**Угулду:**

*Токторбаев А. (ИСП кафедрасынын башчысы, ф.-м.и.к, доцент):* студенттер жумушка орношууда тереңирээк жана маңыздуу калыптануусу үчүн мекеме-ишканардан жана студенттерден окуу-таанышуу жана өндүрүштүк практикасынын мөөнөтүн узартуу зарылдыгын көрсөткөн пикирлерди алдык. 2022-23-окуу жылына окуу-таанышуу жана өндүрүштүк практикасынын мөөнөтүн узартуу жана практикалардын саатын көбөйтүү боюнча пикирлериңиздерди сунуштасаңыздар.

*Айтбай кызы А.* (*ИСП кафедрасынын п.и.к., доценти*): студенттер арасында сурамжылоонун негизинде, көпчүлүгү практиканын саттарын көбөйтүүнү колдошту. Бул аларга профессионалдык билимдерди жакшыраак өздөштүрүүсүнө шарт түзөт. Өткөн жылдардын анализинин жыйынтыгында 1-курстун студенттери окуунун алгачкы этабында окуу процессине жакшы ыңгайлашаары байкалууда, практиканын тартибин экинчи курстан биринчи курска, б.а. “ИСТ” бакалавр программасынын окуу планына ылайык 2-курстар чыгуучу окуу-таанышуу практикасына 1-курстарды, ал эми 2-курстарды өндүрүштүк практикага чыгаруу боюнча өзгөртүүнү сунуш кылам.

*Абдумиталип уулу К. (Программалоо кафедрасынын окутуучусу)*: бул сунуш биринчи курстун студенттерине кесиптик ишмердүүлүк менен таанышууга жана тез аралашууга жардам берет. Окуу-таанышуу практикасын өтөө үчүн студенттерге компьютердик класстар бөлүнгөн. Ошол жерде иштеген лаборанттар жана практика жетекчилери алардын практикасын көзөмөлдөп турушат. Ал эми өндүрүшкө чыккан 2-курстун студенттерине чыныгы профессионалдык милдеттерди аткарууга жакшыраак даярданууга мүмкүндүк берет. Өндүрүшкө чыккан студенттер менен да практика жетекчилери ишканаларга барып, ал жердеги жетекчилер менен да жолугушуп, студенттердин кандай деңгээлде иштеп жаткандыктары боюнча маалымат алып келет. Бул жөнүндө атайын семинар өткөзүп, студенттерге

түшүндүрүү иштерди жүргүзөлү. Отчетторду кандай тартипке тапшыруу керек экендигин практика жетекчилери студенттерге маалыматтарды беришет.

Коюлган маселени угуп кеңешме **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

Чечим бир добуштан кабыл алынды. Өндүрүштүк практиканын сааттары көбөйсүн жана экинчи курста өтүлүүчү окуу таанышуу практикасын өткөрүү тартиби биринчи курска өзгөртүлсүн.

Кеңешменин төрагасы А.М. Токторбаев

Катчы Н.А. Абдирайимова